**“Стартап марафон – 2” конкурсу**
**боюнча маалымат кат**

2024-жылдын 1-мартынан 31-мартына чейин И. Арабаев атындагы КМУнун Стартап борбору университеттин студенттери, аспиранттары жана жаш окутуучулары үчүн "Стартап марафон-2" сынагы уюштурулууда. Бул сынактын максаты – өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушуна алдыңкы билимдерди жана технологияларды колдонууга, жашоонун сапатын жакшыртууга багытталган стартаптар каралат.

Сынактын катышуучулары 2-категория боюнча ат салышат:

1. **Биринчи категория** - техникалык инновациялар. Бул категорияга инновациялык технологияларды иштеп чыгуучу, экологиялык тармактардагы көйгөйлөрдү чечүүчү, энергетика, медицина, ж.б. илимий, инженердик тармактарды өзүнө камтыган стартаптар кирет.
2. **Экинчи категория** - социалдык демилгелер. Бул категорияга билим берүүгө, саламаттыкты сактоого, жана башка тармактар менен байланышкан, жашоо сапатын жана социалдык адилеттүүлүктү жакшыртууга багытталган долбоорлор кирет.

Мыкты стартап долбоорлорду тандоо төмөнкү критерийлер менен аныкталат:

1. **Инновациялык** – идеянын же продукциянын инновациялык деңгээлин жана оригиналдуулугун баалоо.
2. **Изилдөө** – долбоорду ийгиликтүү ишке киргизүү жана масштабдоо үчүн зарыл болгон рыноктук изилдөөлөрдү, кардарлардын керектөөлөрүн, атаандаштыктын деңгээлин жана башка зарыл болгон аспектилерди баалоо.
3. **Бизнес модели** – бизнес моделдин жашоого жөндөмдүүлүгүн жана туруктуулугун баалоо. Бюджетти тариздөө (статьяларды бөлүштүрүү жана өтүнмө ээлеринин жеке салымы).
4. **Ишке ашыруу** – жакынкы келечекте идеяны же продукцияны ишке ашыруунун реалдуулугун жана мүмкүнчүлүгүн баалоо.
5. **Коомго пайдасы** – долбоордун же продукциянын потенциалдуу социалдык жана экологиялык пайдалуулугуна баа берүү.

"**Стартап марафон-2нин" жеңүүчүлөрү үчүн акчалай түрүндө сыйлык каралган.**

Сынак 2024-жылдын 1-мартында башталат. Сынакка катышуу үчүн катышуучулар 1-тиркемеге ылайык өтүнмөнүн формасын толтурушат. Өтүнмөнү 2024-жылдын 31-мартынан кечиктирбестен startup.centre.arabaev@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүү же кагаз түрүндө №2 корпус, 2-кабат, 216-кабинетине алып келүү шарт.

Сынак боюнча кошумча маалыматты И. Арабаев атындагы КМУнун Стартап борборунан алууга болот.

Тиркеме: “Стартап – марафон” сынагынын өтүнмөсү – 2 бет.

**И. Арабаев атындагы**
**КМУнун Стартап борбору** **Абдылдаева Н.У**

**ӨТҮНМӨ**

Өтүнмөнү карап чыгууну жана **«Стартап марафон»** сынагынын катышуучуларынын тизмесине киргизүүнү суранам:

| | |
|---|---|
| Катышуучунун Ф.А.А. , туулган датасы | |
| Студент түзүмдүн атын, адистигин, курсун, тайпасын көрсөтөт.<br>Профессордук окутуучулук курам түзүмдүн жана кафедранын аталышын көрсөтөт. | |
| Иштеп чыгуучулардын тобу.<br>Катышуучунун Ф.А.А. , туулган датасы | |
| Электрондук  дареги | |
| Байланыш телефону (вотсап/телеграмм) | |

**Долбоор жөнүндө маалымат**

(Өтүнмөнүн бардык бөлүктөрү толтурулушу керек)

| | |
|---|---|
| Долбоордун аталышы | |
| Долбоордун башталышынын жана аякташынын пландаштырылган даталары: | |
| Долбоордун жалпы бюджети | |
| Суралган сумма | |
| Долбоордун регионалдык чөйрөсү: | |

**1. Долбоордун корутундусу, максаттары жана милдеттери (300 сөздөн ашык эмес):**
Сунушталган иш-чаранын кыскача сүрөттөмөсүн бериңиз.

1.1. Бул долбоорду ишке ашырууда сиз чечүүнү пландаган көйгөйдүн сүрөттөлүшү

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

1.2. Долбоордун максатын көрсөтүңүз____________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

1.3. Бул максатка жетүү үчүн аткарылышы керек болгон милдеттер______________

____________________________________________

____________________________________________

**2. Долбоорду ишке ашыруу механизми (300 сөздөн ашык эмес)**

*   Ар бир тапшырманы сүрөттөп бер. Долбоордун иш планын жазыңыз.

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

3.***Продукция жана долбоордун натыйжалары:***

• Долбоордун бенефициарларын көрсөтүү

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

• Долбоорду ишке ашыруу боюнча сиздин негизги өнөктөштөрүңүз кимдер жана алар долбоорго кантип тартылат?____________________________

________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

***4.*Долбоордун келечеги жана тобокелдиктерди баалоо жана долбоордун натыйжаларынын туруктуулугу (300 сөздөн ашык эмес)** Долбоордун натыйжаларынын жана продукциясынын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн тобокелдиктерди жана кандай чараларды көрүү керектигин ачып берүү зарыл. Долбоор үчүн SWOT анализин талдоо.

________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

**5. Долбоордун бюджети.** Өтүнмө ээси бюджеттин формасын Excel форматында толтуруп, аны катка тиркөө керек.

Сунушталган бюджеттин мисалы:

| **Чыгашалардын аталышы** | **Саны** | **Жалпы саны** | **Бир товардын суммасы** | **Жалпы сумма** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | **Жалпы суралган сумма:** | |

Өтүнмөнү 2024-жылдын 1-мартынан 31-мартына чейин кабыл алынат. Конкурска катышуу үчүн катышуучулар өтүнмөнүн формасын толтурушат. Бардык критерийлерге жооп берген долбоорлор экинчи турга өтүп, сынакка катышышат.

Презентацияны ыңгайлуу форматта, 5 мүнөттөн ашпаган убакытка даярдоо керек болот.

Презентацияда төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:

1. Долбоордун максаты;
2. Актуалдуулук (Рынокту изилдөө, керектөөчүлөрдүн муктаждыгы, суроо-талап);
3. Милдеттер / иш-чаралардын планы;
4. Бюджет жана бизнес-план;
5. Күтүлгөн жыйынтыктар.